***Байгубатова Надира Рахымбекованын 12.00.11 - сот бийлиги, прокурордук көзөмөл, укук коргоо ишмердүүлүгүн уюштуруу адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган "Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын реформалоо: көйгөйлөрү, тенденциялары жана келечеги" темадагы диссертациясына Кыргыз мамлекеттик юридикалык университетинин жана милициянын генерал-майору Эргеш Алиевич Алиев атындагы КР ИИМ Академиясынын Д.12.19.592 Диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын***

## ***КОРУТУНДУСУ***

Юридика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча Кыргыз мамлекеттик юридикалык университетинин жана милициянын генерал-майору Э.А.Алиев атындагы Кыргыз Республикасынын ИИМ Академиясынын алдында юридика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча түзүлгөн Д.12.19.592 диссертациялык кеңештин ***эксперттик комиссиясынын мүчөсү катары Юридика илимдеринин доктору Сабырова Кундуз Жумадиловна*** Байгубатова Надира Рахымбековнанын диссертациясын, Кыргыз мамлекеттик юридикалык университетинин Жазык-аткаруу укугу жана криминология кафедрасынын оң корутундуларын, кеңешке көрсөтүлгөн баштапкы документтерди, ошондой эле диссертациялык изилдөөнүн темасы боюнча басылып чыккан илимий басылмаларды карап чыгып, төмөнкүнү белгилейт:

***Диссертациялык изилдөөнүн объекти*** заманбап шарттарда Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын реформалоого байланыштуу уюштуруучулук жана укуктук мамилелери болуп саналат.

Бул 12.00.11 – сот бийлиги, прокурордук көзөмөл, укук коргоо ишмердүүлүгүн уюштуруу адистиги боюнча изилдөөлөргө карата болгон талаптарга ылайык келет.

***1. Диссертациялык изилдөө темасынын актуалдуулугу.***

Коомдук турмуштун экономикалык, саясий, руханий чөйрөлөрүндө болуп жаткан кризистик шартында, мамлекеттин жарандарды кылмыштуу кол салуудан коргоосу барган сайын маанилүү болуп баратат. Ошол себептен кылмыштуулук менен күрөшүүдө замандын талабына шайкеш келген комплекстүү ыкмаларды колдонуу керек. Бул толугу менен жазык-аткаруу системасына да тиешелүү.

Scanned by TapScanner

Жазык-аткаруу системасынын кылмыштуулукка каршы ишинин өзгөчөлүгү, жазаны аткарууда, анын максаттарына жетүү үчүн аракет кылуу менен ишке ашышында. Бирок, азыркы убакта айтылган милдеттер сапаттуу аткарылбай жаткандыгын айта кетсек болот. Мисалы, ушул тапта мурда соттолгондор тарабынан жасалган кылмыштардын жалпы санынын деңгээли 40% болуп жогору бойдон калгандыгы айгинелейт.

Анын себеби, пенитенциардык тутум коомдун бир бөлүгү болгондуктан, иштөө процессинде айтылган кыйынчылыктарга өзү да туш болуп келет. Натыйжада, адам укуктарын сактоо жана ички мыйзамдардын, эл аралык укуктук актылардын жана милдеттенмелердин талаптарына ылайык жаза өтөө шарттарын камсыз кылуу көйгөйлөрү тереңдеп жатат. Ошону менен катар, жазык-аткаруу системасында соттолгондор тарабынан жасалган кылмыштар жогору бойдон калууда, уюшкан кылмыштуулуктун бийлик органдарына кылган таасири күчөп, мекемелердин кызматкерлерине кысым көрсөтүү тенденциясы байкалууда. Ошондуктан, мындай өкүм сүргөн оор кырдаал жазык-аткаруу системасынын уюштуруу-укуктук негиздерин түп-тамырынан бери реформалоону тереңдетүү зарылдыгын белгилейт.

## 2. ***Илимий натыйжалар.***

Иште юридикалык илимдин өнүктүрүүсүнө чоң мааниси бар болгон төмөнкү жаңы илимий жактан негизделген теоретикалык жыйынтыктардын жыйындысы көрсөтүлгөн:

**НАТЫЙЖА 1.** Автор тарабынан жазык-аткаруу системасын реформалоо жөнүндө түшүнүк негизделет;

**НАТЫЙЖА 2.** Автор тарабынан Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасынын калыптануу жана өнүгүү жолунун негизги этаптары негизделди;

**НАТЫЙЖА 3.** Автор улуттук жазык-аткаруу системасын реформага түрткү кылган факторлорун негиздеди;

**НАТЫЙЖА 4.** Автор тарабынан Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларынын мазмундарын өркүндөтүү боюнча сунуштар киргизилди;

**НАТЫЙЖА 5.** Автор соттолгондорго мамиле жасоонун эл аралык стандарттары улуттук жазык-аткаруу системалар үчүн укуктук көрсөтмө катары негиздеди;

**НАТЫЙЖА 6.** Автор тарабынан жаны түзүлгөн пробация органдарынын ишин өркүндөтүү боюнча сунуштар келтирилди;

Scanned by TapScanner

**НАТЫЙЖА 7.** Автор Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасынын ишин реформалоо боюнча концептуалдык багыттары катары гумандаштыруу, соттолгондордун укуктарын жана эркиндиктерин сактоо экендигин тастыктады.

*3. <u>Диссертациядагы изденүүчүнүн ар бир натыйжасынын (илимий жобонун), жыйынтыктардын жана тыянактын негизделгендигинин жана анықтыгынын даражасы.</u>*

**НАТЫЙЖА 1.** Жазык-аткаруу системасын реформалоо жөнүндө түшүнүк негизделген. Натыйжа анык болуп эсептелинет, анткени ченемдик укуктук актылар менен реформа жөнүндө бир катар теоретикалык иштеп чыгаруулардын терең талдоосуна негизделет.

**НАТЫЙЖА 2.** Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасынын калыптануу жана өнүгүү жолунун негизги этаптары негизделген. Анык болуп эсептелинет, анткени улуттук мыйзамдар жана бир катар тийиштүү илимий эмгектердин негизиндеги теориялык талдоосу менен ишенимдүү.

**НАТЫЙЖА 3.** Улуттук жазык-аткаруу системасын реформага түрткү кылган факторлорун негизделген. Анык болуп эсептелинет, себеби, теориялык-практикалык тармакта терең талдоого негизделген.

**НАТЫЙЖА 4.** Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларынын мазмундарын өркүндөтүү боюнча сунуштар негизделген. Анык болуп эсептелинет, анткени улуттук мыйзамдардын терең талдоосуна негизделген.

**НАТЫЙЖА 5.** Соттолгондорго мамиле жасоонун эл аралык стандарттары улуттук жазык-аткаруу системалар үчүн укуктук көрсөтмө катары негизделген. Анык болуп эсептелинет, улуттук мыйзамдар менен эл аралык актыларынын терең талдоосуна негизделген.

**НАТЫЙЖА 6.** Жаны түзүлгөн пробация органдарынын ишин өркүндөтүү боюнча сунуштар негизделген. Анык болуп эсептелинет, анткени, теориялык-практикалык тармакта терең талдоого негизделген.

**НАТЫЙЖА 7.** Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасынын ишин реформалоо боюнча концептуалдык багыттары катары гумандаштыруу, соттолгондордун укуктарын жана эркиндиктерин сактоо зарыл экендиги негизделет. Анык болуп эсептелинет, себеби, теориялык-практикалык тармакта жана эл аралык тажрыйба шартында тастыкталган.

Scanned by TapScanner

**4. *<u>Диссертацияда изденүүчүнүн иштеп чыккан ар бир илимий натыйжанын (жобонун), жыйынтыктардын жана тыянактын жаңылчылыгынын даражасы.</u>***

**НАТЫЙЖА 1.** Жаңы болуп саналат, анткени Кыргыз Республикасында алгачкы ирет жазык-аткаруу системасын реформалоо түшүнүгүн берүү боюнча изилдөө аракети жасалып жатат.

**НАТЫЙЖА 2.** Жарым-жартылай жаңы, анткени Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасынын калыптануу жана өнүгүү жолу изилдөөгө алынып келген.

**НАТЫЙЖА 3.** Жарым-жартылай жаңы, анткени жазык-аткаруу системасын реформага түрткү кылган факторлору каралып келген.

**НАТЫЙЖА 4.** Жаңы болуп саналат, анткени Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларынын мазмундарын өркүндөтүү боюнча сунуштар менен тастыкталат.

**НАТЫЙЖА 5.** Жаңы болуп саналат, анткени соттолгондорго мамиле жасоонун эл аралык стандарттары улуттук жазык-аткаруу системалар үчүн укуктук көрсөтмө катары тастыкталган.

**НАТЫЙЖА 6.** Жаңы болуп саналат, анткени жаны түзүлгөн пробация органдарынын ишин өркүндөтүү боюнча сунуштар менен тастыкталат.

**НАТЫЙЖА 7.** Жаңы, анткени Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасынын ишин реформалоо боюнча концептуалдык багыттары катары гумандаштыруу, соттолгондордун укуктарын жана эркиндиктерин сактоо экендиги менен тастыкталат.

**5. *<u>Тийиштүү актуалдык маселени, теоретикалык жана колдонмолук милдетти чечүүгө болгон алынган натыйжалардын ички бирдиктүүлүгүнүни жана багытталышынын баасы.</u>***

Байгубатова Надира Рахымбековнанын "Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын реформалоо: көйгөйлөрү, тенденциялары жана келечеги" темадагы диссертациясынын коргоого чыгарылып жаткан жоболору Улуттук жазык-аткаруу системанын реформалоосун талдоодо комплекстүү изилдөөсү болуп саналат. Бул изилдөөнүн жүргүзүлүшү ушул теманын жетишерлик эмес даражада болгон теоретикалык жактан иштелип чыгуусу менен шартталат. Алынган натыйжалар өз ара байланышкан жана

Scanned by TapScanner

теоретикалык жоболордун негизинде түзүлгөн. Диссертация ушул маселе боюнча ички бирдиктүүлүгү бар болгон бир катар жаңы илимий натыйжаларды жана жоболорду камтыйт жана ушул жагдай автордун юридикалык илимге кошкон салымын айгинелейт.

***6. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.***

Байгубатова Надира Рахымбековнанын кандидаттык диссертациясында алынган диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболору жана натыйжалары жазык-аткаруу системаны реформалоо маселесин өркүндөтүү боюнча кийинки теориялык изилдөөлөрдө пайдаланууга болот; жазык-аткаруу системанын ишин жөнгө салган колдонуудагы мыйзамдарды өркүндөтүүдө пайдаланса болот; "Укук коргоо органдары", "Жазык-аткаруу укугу" сабактары боюнча лекциялык жана практикалык сабактарды өткөрүүдө колдонулса болот.

**7. Диссертациянын материалдары төмөнкү документтерде, материалдарда жана иштелмелерде колдонулган:**

Алынган жыйынтыктар жана алардын негизинде түзүлгөн сунуштар колдонуудагы мыйзамдарды жакшыртуу үчүн негиз боло алат, жазык-аткаруу системасынын органдарынын практикалык ишмердүүлүгүндө эсепке алынышы мүмкүн.

***8. Авторефераттын диссертацияга ылайыктуулугу.***

Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине ылайык келет, орус жана англис тилинде бирдей резюмеси бар.

***9. Жетектөөчү уюмдун, расмий оппоненттердин дайындалышы тууралуу сунуштун негизделиши.***

Диссертациялык кеңештин комиссиясы кандидаттык диссертация боюнча:

**жетектөөчү уюм** катары – Ош Мамлекеттик университетинин Жазык укугу жана процесс кафедрасын;

**- биринчи расмий оппонент** катары – юридика илимдеринин доктору, профессор Джоробекова Арзыгуль Мамаюнусовнаны;

**- экинчи расмий оппонент** катары – юридика илимдеринин кандидаты, доцент Кулбаев Аслан Касымалиевичти, дайындоосун сунуштайм.

Scanned by TapScanner

Негизинен комиссия көрсөтүлгөн документтерди карап чыгып Кыргыз мамлекеттик юридикалык университетинин жана милициянын генерал-майору Э.А.Алиев атындагы Кыргыз Республикасынын ИИМ Академиясынын алдында юридика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча түзүлгөн Д.12.19.592 диссертациялык кеңешине Байгубатова Надира Рахымбековнанын "Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын реформалоо: көйгөйлөрү, тенденциялары жана келечеги" темасындагы 12.00.11 – сот бийлиги, прокурордук көзөмөл, укук коргоо ишмердүүлүгүн уюштуруу адистиги боюнча диссертациясын кабыл алуусун сунуштайм.

***Юридика илимдеринин доктору,***
***профессор*** ***К.Ж. Сабырова***

***Комиссия мүчөсүнүн койгон кол тамгасын ырастайм:***
***Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,***
***юридика илимдеринин кандидаты*** ***Э.С. Анаркулова***

**"26" марта 2021-жыл**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ЮРИДИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ (КГЮА)
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ ЮРИДИЧЕСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ (КГЮА)
Подпись Анаркуловой Э.С. заверяю
Заведующий ОК № 26. 03 2021 г.

Scanned by TapScanner

**ЭКСПЕРТТИК КОРУТУНДУ**

**Байгубатова Надира Рахымбековнанын 12.00.11 – сот бийлиги, прокурордук көзөмөл, укук коргоо ишмердүүлүгүн уюштуруу адистиги боюнча юридика илиминин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн сунушталган "Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын реформалоо: көйгөйлөрү, тенденциялары жана келечеги" деген темадагы диссертациясына**

Д.12.19.592 диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиянын мүчөсү юридика илимдеринин доктору, доцент Н.К. Маматазизованын Байгубатова Надира Рахымбековнанын кандидаттык диссертациясын карап чыгып төмөнкүлөрдү билдирет:

**1. Эмгектин адистикке ылайыктуулугу**

Байгубатова Надира Рахымбековнанын коргоого сунушталып жаткан "Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын реформалоо: көйгөйлөрү, тенденциялары жана келечеги" деген темадагы кандидаттык диссертациясы юридика илиминин докторунун (кандидатынын) окумуштуулук даражасын берүү боюнча Д.12.19.592 диссертациялык кеңешинин профилине туура келет жана 12.00.11 – сот бийлиги, прокурордук көзөмөл, укук коргоо ишмердүүлүгүн уюштуруу адистиги боюнча паспортко толугу менен жооп берет.

**2. Диссертациялык изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу**

Жазаларды аткаруу, азыркы таптагы ааламда мамлекетердин маанилүү бир функциясы. Себеби, аны жүзөгө ашыруу менен жазык-аткаруу системасы соттолгон адамдын олуттуу укуктары менен эркиндиктерине түздөн-түз таасир этет. Ошондуктан, соттун өкүмүн аткаруу ишинде колдонулуучу жазык-аткаруу процедуралары тийиштүү мыйзамдарда конкреттештирилүүсү зарыл.

Ошону менен катар, сот адилеттүүлүгүнүн көйгөйлөрүн ийгиликтүү чечүү үчүн, жазаны белгилөөдөгү максаттарга жетүү үчүн жана соттолгондорду кайра социалдаштыруу үчүн, жазык-аткаруу системасынын өзү илимдин, техниканын, медицинанын жана маданияттын өзгөрүүлөрүнө ийкемдүү болушу замандын талабы.

Мындан улам, эгемендүүлүктү алгандан бери топтолуп келген Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасындагы көйгөйлөрдү чечүү үчүн, аны реформалоо маселеси жаралбай койбойт.

Scanned by TapScanner

Ошого байланыштуу автордун “Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын реформалоо: көйгөйлөрү, тенденциялары жана келечеги” деген темадагы диссертациялык изилдөөсү актуалдуу.

### *3. Илимий натыйжалар*

1. Укуктук салыштырманын негизинде реформа жөнүндө түшүнүктөр каралып, жазык-аткаруу системасын реформалоо жөнүндө аныктама негизделет.
2. Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасынын калыптануу жана өнүгүү жолунун өзгөчөлүгү каралып, негизги этаптары негизделет.
3. Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасынын ишинин өзгөчөлүгү каралып, реформага түрткү болгон ар кыл факторлору негизделет.
4. Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларынын өзгөчөлүктөрү каралып, алардын мазмундарын өркүндөтүү боюнча сунуштар негизделет.
5. Укуктук салыштырманын негизинде соттолгондорго мамиле жасоонун эл аралык стандарттары изилденип, улуттук жазык-аткаруу системалары үчүн укуктук көрсөтмө катары негизделет.
6. Кыргыз Республикасынын Юстиция министирлигинин алдында жаны түзүлгөн Пробация департаментинин ишинин өзгөчөлүгү жана көйгөйлөрү изилденип, өркүндөтүү боюнча сунуштар негизделет.
7. Укуктук салыштырманын негизинде Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасынын ишин реформалоо боюнча концептуалдык багыттары негизделет.

### *4. Диссертацияда айтылган ар бир натыйжанын (илимий жобонун), талапкердин корутундуларынын жана тыянактарынын негизделүү даражасы*

1. Укуктук салыштырманын негизинде реформа жөнүндө түшүнүктөр каралып, жазык-аткаруу системасын реформалоо жөнүндө аныктама негизделген. Укуктук актылардын жана теоретикалык материалдардын анализи менен ишенимдүү.
2. Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасынын калыптануу жана өнүгүү жолунун негизги этаптары негизделген. Укуктук актылардын, теоретикалык материалдардын жана практикалык тажрыйбанын анализи менен ишенимдүү.
3. Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын реформага түрткү кылган факторлору негизделген. Укуктук актылардын, теоретикалык материалдардын жана практикалык тажрыйбанын анализи менен ишенимдүү.
4. Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларынын мазмундарын өркүндөтүү

Scanned by TapScanner

боюнча сунуштар негизделген. Теориялык иштелмелер жана укуктук актылардын анализи менен ишенимдүү.

5. Укуктук салыштырманын негизинде соттолгондорго мамиле жасоонун эл аралык стандарттары улуттук жазык-аткаруу системалары үчүн укуктук көрсөтмө катары негизделген. Теориялык иштелмелер жана эл аралык укуктук актылардын анализи менен ишенимдүү.

6. Кыргыз Республикасынын Юстиция министирлигинин алдында жаны түзүлгөн Пробация департаментинин ишин өркүндөтүү боюнча сунуштар негизделген. Укуктук актылардын, теоретикалык материалдардын жана практикалык тажрыйбанын анализи менен ишенимдүү.

7. Укуктук салыштырманын негизинде Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасынын ишин реформалоо боюнча концептуалдык багыттары негизделген. Укуктук актылардын жана теоретикалык материалдардын анализи менен ишенимдүү.

### *5. Диссертацияда айтылган ар бир натыйжанын (илимий жобонун), талапкердин корутундуларынын жана тыянактарынын жаңылык даражасы*

1. Жарым-жартылай жаңы болуп эсептелет. Укуктук салыштырманын негизинде жалпы реформа жөнүндө түшүнүктөрдүн негизинде жазык-аткаруу системасын реформалоо жөнүндө аныктама көрсөтүлүүдө.

2. Жаңы болуп эсептелет. Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасынын калыптануу жана өнүгүү жолун негизги этаптарын айырмалоо боюнча автордук көз караш көрсөтүлүүдө.

3. Жарым-жартылай жаңы болуп эсептелет. Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасынын ишиндеги көйгөйлөргө байланыштуу реформага түрткү болгон ар кыл факторлору айгинеленүүдө.

4. Жаңы болуп эсептелет. Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларынын өзгөчөлүкторүнүн негизинде, алардын мазмундарын өркүндөтүү боюнча сунуштоосу келтирилүүдө.

5. Жаңы болуп эсептелет. Укуктук салыштырманын негизинде соттолгондорго мамиле жасоонун эл аралык стандарттары изилденип, улуттук жазык-аткаруу системалары үчүн укуктук көрсөтмө катары тастыкталуууда.

6. Жаңы. Кыргыз Республикасынын Юстиция министирлигинин алдында жаны түзүлгөн Пробация департаментинин иши изилденип, өркүндөтүү боюнча сунуштоосу келтирилүүдө.

7. Жаңы. Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасынын ишин реформалоо боюнча концептуалдык багыттары көрсөтүлүүдө.

Scanned by TapScanner

### 6. Эмгектин ички жыйнактуулугуна жана алынган натыйжалардын тийиштүү актуалдуу проблеманы, теориялык жана практикалык маселени чечүүгө багыттальшына баа

Алынган жыйынтыктар бири бири менен өз ара байланышта жана теориялык жоболорго таянып жасалган. Сунушталып жаткан эмгек Кыргыз Республикасында жазык-аткаруу системасын реформалоо тармагында алгачкы комплекстүү жана системалуу изилдөөлөрдүн бири.

Диссертацияда бул проблема боюнча бир топ жаңы илимий натыйжалар жана жоболор бар жана аларда ички жыйнактуулук бар, бул болсо автордун юридика илимине кошкон жеке салымы болуп эсептелет. Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын реформалоо жаатында болуп жаткан көйгөйлөрдү чечүүнүн сунушталып жаткан жаңы ыкмалары жетиштүү аргументтелген жана мурдатан белгилүү чечимдерге салыштырмалуу сын көз менен баа берилген.

### 7. Алынган натыйжалардын практикалык мааниси

Диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболорун жана жыйынтыктарын, анда баяндалган теориялык аныктамаларды жана жыйынтыктарды Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын реформалоо маселесин өркүндөтүү боюнча кийинки теориялык изилдөөлөрдө жана мыйзамдарды өркүндөтүүдө пайдаланууга болот; "Укук коргоо органдары", "Жазык-аткаруу укугу" сабактары боюнча лекциялык жана практикалык сабактарды өтүүдө пайдаланууга болот.

### Диссертациянын материалдары төмөнкүдөй документтерде, материалдарда жана иштеп чыгууларда пайдаланылган

Диссертацияда жасалган баа берүүлөрдү жана жыйынтыктарды Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын реформалоо тармагында маселелерин чечүүдө пайдаланышса болот.

### 8. Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын жана натыйжаларынын жарыялангандыгына ырастамалар

1. Байгубатова Н.Р. К вопросу о проблемах исполнения наказания и ресоциализации женщин, осужденных к лишению свободы в Кыргызской Республике. // Научный журнал «Юридический факт»: материалы XX международной научной конференции «Свобода и право». -Кемерово: издательский дом «Плутон», 30 декабря 2017. – С. 48-52.

2. Байгубатова Н.Р., Сарманова Б.О. К вопросу о коррупциогенных факторах в деятельности уголовно-исполнительной системы Кыргызской Республики. // Журнал Зарубежного законодательства и сравнительного правоведения. – 2018. -№4. – С. 146-153.

Scanned by TapScanner

3. Baigubatova N.R. The actual problems of the penitentiary system`s activities in the Kyrgyz Republic. // Научный журнал «Modern Science». – 2018. -№6-2. – С. -8.

4. Baigubatova N.R. The problems of countering illicit traffic in narcotic drugs in custody of the Kyrgyz Republic. // Научный журнал «Modern Science». – 2018. -№6-2. – С. 8-11.

5. Baigubatova N.R., Esenbekova A.T. Some questions of countering the distribution of religious extremism in the penitentiary system of the Kyrgyz Republic. // Научный журнал «Modern Science». – 2018. -№7. – С. 115-119.

6. Байгубатова Н.Р. К вопросу о понятии уголовно-исполнительной системы Республики. // Научный журнал «Modern Science». – 2020. -№10-2. – С. 193-195.

7. Байгубатова Н.Р. О месте уголовно-исполнительной системы в структуре правоохранительных органов. // Научный журнал «Modern Science». – 2020. -№10-2. – С. 193-195.

8. Байгубатова Н.Р., Сарманова Б.О., Эсенбекова А.Т. Актуальные проблемы органов пробации Кыргызской Республики. // Вестник КРСУ. -2020. -№11. Том 20. – С. 70-75.

9. Байгубатова Н.Р. Проблемы кадровой политики уголовно-исполнительной системы Кыргызской Республики. // Евразийский юридический журнал. -2020. -№12. – С. 207-208.

10. Байгубатова Н.Р. Некоторые проблемы нормативно–правового обеспечения функционирования уголовно-исполнительной системы Кыргызской Республики. // Электронный журнал ВАК КР “Научные исследования в Кыргызской Республике”. -2020. -№3. Часть II. – С. 160-170.

### 9. *Авторефераттын диссертациянын мазмунуна шайкештиги*

Автореферат диссертациянын мазмунуна, андагы изилдөөдө коюлган максаттар менен маселелерге толугу менен ылайык келет. Авторефераттын орус жана англис тилдериндеги бирдей маанидеги резюмеси бар.

### *10. Башкы уюмду, расмий оппоненттерди дайындоо жөнүндө сунуштун негиздүүлүгү*

- башкы уюм катары Ош Мамлекеттик университетинин Жазык укугу жана процесс кафедрасын;
- биринчи расмий оппонент катары – Джоробекова Арзыгуль Мамаюнусовнаны, юридика илимдеринин доктору, профессорду;
- экинчи расмий оппонент катары – Кулбаев Аслан Касымалиевичти, юридика илимдеринин кандидатын, доцентти.

Scanned by TapScanner

Д.12.19.592 диссертациялык кеңешине Байгубатова Н.Р. 12.00.11- сот бийлиги, прокурордук көзөмөл, укук коргоо ишмердүүлүгүн уюштуруу адистиги боюнча "Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын реформалоо: көйгөйлөрү, тенденциялары жана келечеги" деген темадагы кандидаттык диссертациясын кабыл алууну сунуш кылам.

***Мүчөсү:***
Юридика илимдеринин доктору,
доцент Маматазизова Н.К.

***Колун ырастайм:***
Диссертациялык кеңештин
окумуштуу секретары,
юридика илимдеринин кандидаты Анаркулова Э.С.

«26» марта 2021-ж.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ЮРИДИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ (КМЮА)
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ ЮРИДИЧЕСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ (КГЮА)
Подпись Анаркулова Э.С. заверяю
(Ф.И.О.)
Заведующий ОК № 26 03 2021 г.

Scanned by TapScanner

**Байгубатова Надира Рахымбековнанын 12.00.11 – сот бийлиги, прокурордук көзөмөл, укук коргоо ишмердүүлүгүн уюштуруу адистиги боюнча юридика илиминин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн сунушталган "Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын реформалоо: көйгөйлөрү, тенденциялары жана келечеги" деген темадагы диссертациясына Кыргыз мамлекеттик юридикалык университетинин жана КР ИИМинин милициянын генерал-майору Э.А.Алиев атындагы Академиясынын эксперттик комиссиясынын мүчөсүнүн корутундусу:**

***1. Эмгектин адистикке ылайыктуулугу.***

Байгубатова Надира Рахымбековнанын коргоого сунушталып жаткан "Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын реформалоо: көйгөйлөрү, тенденциялары жана келечеги" деген темадагы кандидаттык диссертациясы Кыргыз мамлекеттик юридикалык университетинин жана КР ИИМинин милициянын генерал-майору Э.А. Алиев атындагы Академиясынын юридика илиминин докторунун (кандидатынын) окумуштуулук даражасын берүү боюнча Д.12.19.592 диссертациялык кеңешинин профилине туура келет жана 12.00.11 – сот бийлиги, прокурордук көзөмөл, укук коргоо ишмердүүлүгүн уюштуруу адистиги боюнча паспортко толугу менен жооп берет.

***2. Диссертациялык изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.***

Жазык-аткаруу системасын реформалоо мамлекеттин кылмыштуулукка каршы күрөшүү ички саясатынын маанилүү компоненттеринин бири болуп саналат. Ошол себептен, өз убагында 2002-жылы, пенитенциардык реформа өлкөдөгү чыныгы сот-укуктук өзгөртүүлөрдү тереңдетүүнүн кадамдарынын бири деп айтылса керек.

Айта кетчү нерсе, акыркы жылдары жаза аткаруу тутумун реформалоо боюнча бир катар маанилүү чечимдер ишке ашырылып келет. Мисалы, 2019-жылдын 1-январынан тартып, Жазык-аткаруу тутумунун иштешине байланыштуу стратегиялык ченемдер, анын ичинде жаңы Жазык-аткаруу кодекси күчүнө кирди. Ага чейин "Пробация жөнүндө" Кыргыз

Scanned by TapScanner

Республикасынын Мыйзамы кабыл алынып, 2018-жылы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен 2018-2023-жылдарга Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу (пенитенциардык) тутумун өнүктүрүү стратегиясы бекитилди. Соттолгондорду кармоо үчүн ИК-19, 27, 31, 47, 53 ж.б. бир нече имараттары пайдаланууга киргизилди.

Бирок, айрым оң жыйынтыктарга карабастан, Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасы терең кризистик абалда калып келет. Алардын негизин жетишсиз каржылоо, инфраструктуранын бузулушу, коррупция ж.б. көйгөйлөр түзөт.

Себеби, жазык-аткаруу тутумун реформалоо тез арада ишке ашыруу мүмкүн эмес, жана бул үчүн убакыт, олуттуу ресурстар, масштабдуу уюштуруучулук жана укуктук аракеттер, ошондой эле фундаменталдуу илимий изилдөөлөр талап кылынат.

Жогоруда айтылгандардын негизинде Байгубатова Надира Рахымбековнанын жасаган изилдөөсү актуалдуу жана учурдун талабына ылайык деген тыянак чыгарууга болот.

***3. Илимий натыйжалар.***

Эмгекте төмөндө көрсөтүлгөндөй, илимий жактан негизделген теориялык натыйжалар берилген, ал натыйжалар юридика илимин өнүктүрүү үчүн мааниге ээ:

**1-натыйжа.** Изденүүчү тарабынан реформа жөнүндө теориялык негиздер изилденип, жазык-аткаруу системасын реформалоого автордук аныктама берилет.

**2-натыйжа.** Автор тарабынан Кыргыз Республикасынын улуттук жазык-аткаруу системасынын калыптануу жана өнүгүү жолу изилденип, эгемендүүлүк алгандан бери гумандаштыруу жана демилитаризациялоо жаатында пенитенциардык тутумду реформалоонун төрт этабы сунушталат.

**3-натыйжа.** Изденүүчү тарабынан жазык-аткаруу системасын реформалоого алып келген факторлору талдоого аракет жасалып, келечекте анын ишин өркүндөтүү жолдору сунуш кылынган.

Scanned by TapScanner

**4-натыйжа.** Автор тарабынан жазык-аткаруу системасынын ишин жакшыртуу максатында, Жазык-аткаруу кодексине карама-каршы келген айрым ченемдик укуктук актылардын мазмунун жакшыртуу боюнча сунуштар негизделген.

**5-натыйжа.** Изденүүчү тарабынан соттолгондорго мамиле жасоонун эл аралык стандарттары, укук бузган жана соттолгон адамдарга карата мамиле жасоонун эң жалпы гуманисттик, прогрессивдүү эрежелери катары негизделет.

**6-натыйжа.** Автор тарабынан Кыргыз Республикасында пробация органдарынын түзүлүшүнө оң баа берилип, алардын ишин жакшыртуу боюнча сунуштар негизделген.

**7-натыйжа.** Изденүүчү тарабынан гумандаштыруу, соттолгондордун укуктарын жана эркиндиктерин сактоо Кыргыз Республикасынын пенитенциардык тутумун реформалоонун концептуалдык багыттары катары негизделет.

***4. Диссертацияда айтылган ар бир натыйжанын (илимий жобонун), талапкердин корутундуларынын жана тыянактарынын негизделүү даражасы.***

**1-натыйжа.** Автор тарабынан жазык-аткаруу системасын реформалоо түшүнүгү негизделген. Атайын адабияттар менен бир катар теоретикалык иштеп чыгарууларды анализдөө менен ишенимдүү.

**2-натыйжа.** Автор тарабынан эгемендүүлүк алгандан бери Кыргыз Республикасынын улуттук жазык-аткаруу системасын реформалоонун төрт этабы негизделген. Атайын адабияттар жана мыйзамдарды анализдөө менен ишенимдүү.

**3-натыйжа.** Автор тарабынан жазык-аткаруу системасын реформалоонун факторлорун анализдөө менен негизделген. Колдонуу практикасы талдангандыгы менен ишенимдүү.

**4-натыйжа.** Автор тарабынан жазык-аткаруу системасынын ишин жөнгө салуучу мыйзамдарды анализдөө менен негизделген жана ишенимдүү.

*Scanned by TapScanner*

**5-натыйжа.** Автор тарабынан соттолгондорго мамиле жасоо боюнча эл аралык келишимдерди анализдөө менен негизделген жана ишенимдүү.

**6-натыйжа**. Автор тарабынан Кыргыз Республикасынын пробация органдарынын иш-милдеттерин анализдөө менен негизделген жана ишенимдүү.

**7-натыйжа**. Автор тарабынан жазык-аткаруу системасынын ишин жөнгө салуучу улуттук мыйзамдарды, эл аралык келишимдерди жана чет мамлекеттердин тажрыйбасын анализдөө менен негизделген жана ишенимдүү.

***5. Диссертацияда айтылган ар бир натыйжанын (илимий жобонун), талапкердин корутундуларынын жана тыянактарынын жаңылык даражасы.***

**1-натыйжа**. Жаңы. Анткени, мурда ата-мекендик илиминде жазык-аткаруу системасын реформалоо түшүнүгүн берүү боюнча аракеттер көрүлгөн эмес.

**2-натыйжа**. Жаңы. Анткени, мурда ата-мекендик илиминде эгемендүүлүк алгандан бери Кыргыз Республикасынын улуттук жазык-аткаруу системасын реформалоо боюнча этаптарын анализдөө болгон эмес.

**3-натыйжа**. Жартылай жаңы. Анткени, улуттук жазык-аткаруу системасын реформалоонун факторлору изилдөөгө алынып келген.

**4-натыйжа**. Жартылай жаңы. Анткени, сот укуктук реформанын алкагында 2019-жылдын 1-январынан тартып күчүнө киргизилген жаңы Жазык-аткаруу кодекси жана башка жазык-аткаруу системасынын ишин жөнгө салуучу мыйзамдары изилдөөгө алынып келген.

**5-натыйжа**. Жаңы. Анткени соттолгондорго мамиле жасоо боюнча эл аралык келишимдер менен Кыргыз Республикасынын жаңы күчүнө киргизилген жазык-аткаруу системасынын ишин жөнгө салуучу мыйзамдарынын ортосундагы карым катнашы биринчи жолу анализденди.

Scanned by TapScanner

**6-натыйжа**. Жаңы. Анткени, ата-мекендик илиминде жаңы түзүлгөн Кыргыз Республикасынын пробация органдарынын ишинин өзгөчөлүктөрүн, көйгөйлөрүн изилдөө биринчи жолу жүргүзүлүп жатат.

**7-натыйжа**. Жаңы. Анткени, ата-мекендик илиминде эл аралык келишимдердин жана чет мамлекеттердин тажрыйбаларынын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын реформалоонун концептуалдык багыттары биринчи жолу анализденди.

***6. Тийиштүү актуалдык маселени, теоретикалык жана колдонмолук милдетти чечүүгө болгон алынган натыйжалардын ички бирдиктүүлүгүнүн жана багытталышынын баасы.***

Эмгектин структурасы коюлган максат менен маселелерге ылайык келет жана ички жыйнактуулук, бир бүтүндүк бар.

Натыйжалар жазык-аткаруу системасын реформалоо ишинин мазмунун ачып көрсөтүүчү теориялык концепцияларды анализдөө менен ырасталган. Алынган натыйжалар өз ара байланыштуу жана текшерилген теориялык жоболорго таянып жасалган. Сунушталып жаткан эмгек Кыргыз Республикасында жазык-аткаруу системасын реформалоо жаатындагы изилдөөнүн алгачкы аракеттеринин бири болуп эсептелет.

Диссертацияда бул проблема боюнча бир топ жаңы илимий натыйжалар жана жоболор бар жана аларда ички жыйнактуулук бар, бул болсо автордун юридика илимине кошкон жеке салымы болуп эсептелет. Жазык-аткаруу системасын реформалоо көйгөйлөрүн чечүүнүн сунушталып жаткан жаңы ыкмалары жетиштүү аргументтелген жана мурдатан белгилүү чечимдерге салыштырмалуу сын көз менен баа берилген.

***7. Алынган натыйжалардын теориялык жана практикалык мааниси.***

Диссертациянын теориялык мааниси – бул эмгекте жазык-аткаруу системасынын ишинин жөнгө салуучу мыйзамдарын өркүндөтүү проблемасына кеңири илимий анализ жасалганында. Диссертацияда айтылган

Scanned by TapScanner

жыйынтыктар жана сунуштар жазык-аткаруу системасын реформалоо жаатындагы илимий билимдерди жалпылап жана толуктап турат.

Изилдөөнүн натыйжалары жана жыйынтыктары жазык-аткаруу системасын реформалоо маселелерин андан ары өркүндөтүүдө колдонсо болот.

***8. Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын жана натыйжаларынын жарыялангандыгына ырастамалар.***


1. Байгубатова Н.Р. К вопросу о проблемах исполнения наказания и ресоциализации женщин, осужденных к лишению свободы в Кыргызской Республике. // Научный журнал «Юридический факт»: материалы XX международной научной конференции «Свобода и право». -Кемерово: издательский дом «Плутон», 30 декабря 2017. – С. 48-52.

2. Байгубатова Н.Р., Сарманова Б.О. К вопросу о коррупциогенных факторах в деятельности уголовно-исполнительной системы Кыргызской Республики. // Журнал Зарубежного законодательства и сравнительного правоведения. – 2018. -№4. – С. 146-153.

3. Baigubatova N.R. The actual problems of the penitentiary system`s activities in the Kyrgyz. // Научный журнал «Modern Science». – 2018. -№6-2. – С. -8.

4. Baigubatova N.R. The problems of countering illicit traffic in narcotic drugs in custody of the Kyrgyz Republic. // Научный журнал «Modern Science». – 2018. -№6-2. – С. 8-11.

5. Baigubatova N.R., Esenbekova A.T. Some questions of countering the distribution of religious extremism in the penitentiary system of the Kyrgyz Republic. // Научный журнал «Modern Science». – 2018. -№7. – С. 115-119.

6. Байгубатова Н.Р. К вопросу о понятии уголовно-исполнительной системы Республики. // Научный журнал «Modern Science». – 2020. -№10-2. – С. 193-195.


Scanned by TapScanner

7. Байгубатова Н.Р. О месте уголовно-исполнительной системы в структуре правоохранительных органов. // Научный журнал «Modern Science». – 2020. -№10-2. – С. 193-195.

8. Байгубатова Н.Р., Сарманова Б.О., Эсенбекова А.Т. Актуальные проблемы органов пробации Кыргызской Республики. // Вестник КРСУ. -2020. -№11. Том 20. – С. 70-75.

9. Байгубатова Н.Р. Проблемы кадровой политики уголовно-исполнительной системы Кыргызской Республики. // Евразийский юридический журнал. -2020. -№12. – С. 207-208.

10. Байгубатова Н.Р. Некоторые проблемы нормативно–правового обеспечения функционирования уголовно-исполнительной системы Кыргызской Республики. // Электронный журнал ВАК КР "Научные исследования в Кыргызской Республике". -2020. -№3. Часть II. – С. 160-170.

***9. Автореферattын диссертациянын мазмунуна шайкештиги .***

Автореферат диссертациянын мазмунуна, андагы изилдөөдө коюлган максаттар менен маселелерге толугу менен ылайык келет. Ошондой эле авторефераттын кыргыз жана англис тилдериндеги бирдей маанидеги резюмеси бар.

***10. Башкы уюмду, расмий оппоненттерди дайындоо жөнүндө сунуштун негиздүүлүгү.***

Комиссиянын мүчөсү катары кандидаттык диссертация боюнча төмөнкүдөй дайындоолорду сунуш кылат:

- башкы уюм катары Ош Мамлекеттик университетинин Жазык укугу жана процесс кафедрасын;

- биринчи расмий оппонент – юридика илимдеринин доктору Джоробекова А.М.;

- экинчи расмий оппонент – юридика илимдеринин доктору Кулбаев А.К.

Scanned by TapScanner

Комиссиянын мүчөсү катары, Д.12.19.592 диссертациялык кеңешине Байгубатова Надира Рахымбекованын 12.00.11 – сот бийлиги, прокурордук көзөмөл, укук коргоо ишмердүүлүгүн уюштуруу адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн “Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу системасын реформалоо: көйгөйлөрү, тенденциялары жана келечеги” деген темадагы диссертациясын кабыл алууну сунуш кылам.

**Комиссиянын мүчөсү:**
**юридика илимдеринин доктору,**
**профессор** **Джаянбаев К.И.**

**Комиссиянын мүчөсүнүн колун ырастайм:**
**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу секретары,**
**юридика илимдеринин кандидаты** **Анаркулова Э.С.**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ЮРИДИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ (КМЮА)
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ ЮРИДИЧЕСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ (КГЮА)
Подпись Анаркулова Э.С. заверяю
(Ф.И.О.)
Заведующий ОК № 26 03 2021 г.

Scanned by TapScanner